**Жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) 9-11-класстары үчүн Кыргызстан тарыхы боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын**

# НУСКАМА-УСУЛДУК КАТЫ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 11-мартындагы № 939/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобого ылайык 9-11-класстын окуучуларынын Кыргызстан тарыхы боюнча Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы (ЖМА) оозеки сынак формасында өткөрүлөт.

Сынак материалдары Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору (ББСБжМТУБ) жана Кыргыз билим берүү академиясы (КБА) менен макулдашуунун негизинде министрлик тарабынан берилет. Мектептин предметтик комиссиясы (ПК) Жобого ылайык окуучулардын сынак иштерин өткөрөт жана баалайт.

## Сынакка кирүүнүн шарттары:

Кыргызстан тарыхы боюнча мамлекеттик сынакты 9-11-класссты бүтүрүшүп жаткан бардык окуучулар (Жободогу 25-пунктта көрсөтүлгөн учурдан башка) тапшырууга милдеттүү. Эгер окуучу Кыргызстан тарыхы предмети боюнча ыктыярдуу республикалык тесттин жыйынтыктарын сынактык баалар катары эсептөө үчүн арыз жазса, анда жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кеңешинин чечими менен арыз жазган окуучу Кыргызстан тарыхы предмети боюнча сынактан бошотулат.

9 жана 11-класстарынын окуучуларынын саны 20 адамдан ашса эки топко бөлүнөт. Мындай учурда Кыргызстан тарыхы предмети боюнча экзамен ошол эле күнү эки нөөмөттө өткөрүлөт. Ар бир топко билеттердин толук топтому берилет.

## Сынак өткөрүүнүн тартиби:

Сынак башталганда окуучуларды Сынак өткөрүүнүн тартиби менен предметтик комиссиянын башчысы тааныштырат.

Ар бир окуучуга даярдануу үчүн 15-20 мүнөт берилет. Эгер окуучу биринчи билетке жооп бере албаса, предметтик комиссия ага экинчи билет алууга уруксат берет. Бул учурда окуучунун алган баасы бир упайга төмөндөтүлөт.

Ар бир окуучуга даярдануу үчүн жалпы билим берүүчү уюмдун штампы коюлган таза барак берилет. Окуучу жоопторун кагазга жазса болот. Кагаздагы түшүрүлгөн жооптор, окуучуну баалоо жана аппеляция учурунда документ материал катары колдонулат. Окуучу билетке оозеки жооп берет.

**Баалоо критерийлери**

9 жана 11-класстарынын окуучуларынын жоопторун баалоо Жобонун жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын сынак иштерин текшерүүнүн, баалоонун тартибинин VII-бөлүмүнө ылайык жүргүзүлөт.

Окуучулардын оозеки жоопторун баалоодо төмөнкү критерийлер эске алынат:

| **“5” баасы төмөнкү учурда коюлат** | **“4” баасы төмөнкү учурда коюлат** | **“3” баасы төмөнкү учурда коюлат** | **“2” баасы төмөнкү учурда коюлат** |
|---|---|---|---|
| - темадагы негизги даталарды, тарыхый инсандарды билет, айтып бере алат;<br>- тарыхый окуяларга (чыгуу себеби, өнүгүү шарты, натыйжасы) талдоо жүргүзө алат;<br>- тарыхый фактыларды келтирип, системалуу баяндай алат;<br>- сүйлөө кеби туура, так жана түшүнүктүү;<br>- теманы жыйынтыктап, өз көз карашын билдире алат. | - темадагы негизги даталарды, тарыхый инсандарды билет, айтып бере алат;<br>- тарыхый окуялардын чыгуу себебин, өнүгүү шарттарын, натыйжасын билет, талдай алат;<br>- тарыхый фактыларды системалуу баяндай алат;<br>- сүйлөө кеби туура, так жана түшүнүктүү | - темадагы негизги даталарды, тарыхый инсандарды айтып бере алат;<br>- тарыхый окуяларды билет, системалуу баяндай алат;<br>- сүйлөө кеби туура, так жана түшүнүктүү | - теманы билбейт;<br>- өз оюн билдире албайт;<br>- жоопту жазуу түрүндө да бере албайт |